**УДК: 373.2**

***Акылбек кызы К.***
*Акылбек кызы Кайыркүл – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛА БАКЧАДА АДЕП МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МЕТОДИКАСЫ

# МЕТОДИКА ФОРМИРОВАНИЯ НРАВСТВЕННОЙ КУЛЬТУРЫ В ДОШКОЛЬНОМ ДЕТСКОМ САДУ

# METHODOLOGY OF FORMATION OF MORAL CULTURE IN PRESCHOOL KINDERGARTEN

***Аннотация.*** *Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки тарбия берүү концепциясы» кабыл алган маселеринде жаш муундарга адептүүлүк боюнча билим жана тарбия берүү бүгүнкү күн тартибиндеги кезек күтүрбөс маселе экендиги белгиленген. Тарбиянын эң башкы маселеси катарында адептин коомго керектиги жана аны өнүктүрүү багытынын маанилүү шарты көрсөтүлгөн. Адеп боюнча тарбия берүү багытында эл тагдыры менен адамдын өмүрүндө боло турган адаттар аркылуу тарбиялоо багытында иш жүргүзүү керектигине токтолгон. Демек, азыркы кезде бала бакчадагы баладан баштап жаш муундардын адеп маданиятын калыптандырып, адеп билими менен тарбиянын педагогика илиминдеги эң маанилүү мүмкүндүктөрү менен жолдорун изилдеп, аны орундуу пайдалануу маңыздуу маселе экендиги талашсыз.*

***Аннотация.*** *В вопросах, принятых «Концепцией дошкольного образования» Кыргызской Республики, было отмечено, что воспитание и воспитание подрастающего поколения в нравственности является актуальным вопросом повестки дня сегодняшнего дня.*

*Важнейшим вопросом воспитания является потребность в нравственности в обществе и важное условие ее развития. В направлении воспитания нравов подчеркивалось, что необходимо работать в направлении воспитания через привычки, которые будут происходить в жизни человека с судьбой народа. Поэтому в настоящее время необходимо формировать нравственную культуру подрастающего поколения, начиная с детей в детском саду. Несомненно, важным вопросом является изучение важнейших возможностей и способов нравственного воспитания и воспитания в педагогической науке и их правильное использование.*

***Annotation.*** *In the issues adopted by the "Concept of Preschool Education" of the Kyrgyz Republic, it was noted that the upbringing and education of the younger generation in morality is a topical issue on the agenda today. The most important issue of education is the need for morality in society and an important condition for its development. In the direction of the education of morals, it was emphasized that it was necessary to work in the direction of education through habits that would occur in a person's life with the fate of the people. Therefore, at present it is necessary to form the moral culture of the younger generation, starting with children in kindergarten. Undoubtedly, an important issue is the study of the most important possibilities and methods of moral education and education in pedagogical science and their correct use.*

Бүгүнкү күндө педагогика илиминин алдында турган башкы милдеттердин бири мектепке чейинки бала бакчада баланын адептүүлүк билим берүү, баштапкы адептүүлүк маданиятын калыптандыруу, адеп-ахлактын маанисин түшүндүрүү, адептүү кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун тарбиялоо болуп саналат.

Баланы ар тараптан өнүктүрүү максатында мектепте бардык негизги илимдер боюнча сабактар өтүлөт жана алардын ар биринин мазмунунда адептик билим жана тарбия берүү маселеси кандайдыр бир өлчөмдө, мисалы, адеби, ыйманы, жүрүм-турум маданияты камтылган.

Аталган милдеттерди иш жүзүнө ашыруу үчүн балдарга табиятты сактоону түшүндүрүп, кызыга тургандай окуу-тарбия ишин уюштуруп, анын мазмунун жана натыйжалуу усул-ыкмаларын аныктоо талап кылынат. Мектепке чейинки бала бакчада баланын адептүүлүк боюнча билим берүүдөгү маанилүү фактор мугалимдер коллективи жана аймактагы жетекчилердин кызыгуусу гана эмес, иш-аракеттин натыйжалуу болушу, усулдук жактан жетилген атайын программанын болуусу зарыл.

Мектепке чейинки бала бакчада баланын адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо сабагы керек. Бирок аны жалаң гана диний багытта окутууга жол берүүгө болбойт.

Мектепке чейинки бала бакчада баланын адептүүлүк билим берүү программаларынын мазмунун максаты, милдети боюнча шарттуу түрдө үч топко бөлүүгө болот: [2].

1) адептүүлүк багыттагы (адептүүлүк программалар);
2) эстетика (маданият) багытындагы программалар;
3) социалдык - адеп багытындагы программалар.

Мектепке чейинки бала бакчада баланын адептик сапаттарынын өнүгүүсүнө төмөнкү факторлор таасир этет.

- Баланын жүрүм-турумдун моралдык жана адептик нормаларын өздөштүрүүсү;
- Эрк аракеттеринин калыптангандыгы;
- Мугалим окуучунун мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн эске алып, мамилелердин системасын белгилеши;
- Баланын өз ара мамилеси;
- Мугалим баланын касиетин жана жекече өзгөчөлүгүн эске алып, адептик сапаттарын калыптандыруусу.

Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөрдө бүгүнкү күнгө чейин жана учурдагы адептик тарбия - өз мекени менен сыймыктануу сезимин, улуттук кадыр-барк, улуттук ар-намыс сезимин жаш муундарда тарбиялоону зарыл педагогикалык принцип катары туруктуу тутунуп, иш кылууда. Ал эми биздин мектепке чейинки бала бакчада тарбия берүүнүн

уюткусу болгон көркөм мурасыбыз кандай окутулуп жатат? Аларды окутууда жаштарды адептүүлүккө тарбиялоого багытталган орошон ойлор канчалык деңгээлде ачылып берилген?

Кайсы заманда, кайсы элде болсо да, үй-бүлөнүн адамды тарбиялоодогу ыкмасы менен адат-салттарын башка эч нерсенин күчү менен салыштырууга болбойт. Коомдун ажырагыс бир бөлүгү болгон үй-бүлө баланы өмүргө алып келип эле тим койбой, анын көз карашын, жүрүм-турумун, иш-аракеттеринин негизин түзөт. Элибиздин өмүр сүрүүсү үй-бүлөдөгү жагдай менен тыгыз байланышта. Коомдун өнүгүүсү ар бир адамдын жекече өнүгүүсүнө, жетилүүсүнө, анын билимине, ой-санаасына, коом үчүн жан аябай кызмат кылуусуна байланыштуу. Коомдун келечек мүчөлөрүн жаштайынан жакшы касиеттерди боюна сиңирип өстүрүп, тарбиялай турган үй-бүлө. Ошондуктан бул социалдык, коомдук, бүткүл элдик мааниси бар маселени жогорку даражада чечүүдө үй-бүлө жетекчи роль аткарат. [3].

Ар бир үй-бүлө балдардын келечегинен чоң үмүт кыларын билебиз. Үй-бүлөнүн үмүтү жакшы тарбияланган окуучу аркылуу гана иш жүзүнө ашат. Баланын жеке башынын кулк-мүнөзүн калыптандыруу, анын адамгерчилик касиетин тарбиялоо үй-бүлөдө ата-эненин тарбиясы жана алардын көрсөткөн үлгү өрнөгү менен ишке ашат. Үй-бүлөдө баланы тарбиялоо маселесине бүткүл эл ат салышат. Үй-бүлөдөгү ата-эне баланын адептүүлүк тарбиясына канчалык көңүл бөлө турганын аныктоо максатында ата-эне менен эксперимент иштерин жүргүздүк. Экспериментте ата-эненин балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо жакшы көз караштарын, аны уюштуруу, сактоо боюнча кандай иштер жүргүзгөнүн аныктоо максатын койдук. Ал ата-энелер менен аңгемелешүү, суроо-жооп, сурамжылоо, анкета өткөрүү аркылуу изилденип аткарылды. Биздин байкообузда, ата-энелер тарабынан адеп сырларын түшүндүрүү иштери жүргүзүлбөгөнү, курчаган чөйрө тууралуу аңгеме өткөрүлбөгөнү аныкталды. Ошентсе да, кээ бир үйдө «жеңиң менен мурдуңду арчыба», «жолго семичке чагып булгаба» деп эскерткени байкалды. Көбүнчө мындай тарбия үйдө кары адамдар болсо өткөрүлө турганын билдик. Мектеп менен үй-бүлө ортосундагы байланыштын методикалык жолдорун карап, төмөнкүдөй тыянак чыгардык:

- Баланын баштапкы адеп маданиятын калыптандырууну жогорку сапатка жеткирүү үчүн мектептин үй-бүлө менен байланышы маанилүү;
- Ата-энелердин педагогикалык билим деңгээлин акырындык менен жогорулатуу;
- Алардын теориялык билимдерин иш жүзүндө колдоно билүү, өз ойлорун ортого салуу, пикир алмашуу, тажрыйба алмашуу методдорун пайдалануу;
- Мектепке чейинки бала бакчада баланын жаш, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык адеп маданиятын калыптандырууга арналган методиканы колдонуу.

Жыйынтыктай келгенде, ата-энелер келечек муундардын адеп маданиятын калыптандыруу максатында үлүш кошуусу, анын ден соолугу, жашоосу жана болочогу үчүн маанилүү экенин түшүнүүсү керек. Ошондуктан педагогдор, мугалимдер ата-энелер менен биргелешип иштеп, алар менен тил табышып, иш-аракеттин жаңы жолдорун, усулдарын изденүүгө тийиш. Ата-энелерден жүрүш-туруш адеби жөнүндө аңгеме өткөрөсүңөрбү? Окуучулар адеп жөнүндө суроолорду береби? – деп сурадык.

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү салт-санаа менен үрп-адаттардын баланын ыймандуу касиеттерин калыптандырууга жардам берерин билдик. Үй-бүлөдө башталган тарбия кийин бүт элге таралат деген тыянакка келип Мектепке чейинки бала бакчада баланын адептүүлүк тарбия берүү, алардын адептүүлүк маданиятын калыптандырууда үй-бүлөдө уюштурулган ар түрдүү иштердин формаларын издештирдик. Бакчада ата-энелер менен жүргүзүлгөн анкеталык суроолор менен жооптордун жыйынтыгы таблицада берилген.

2.1-таблица

**Ата-энелерден алынган анкетанын натыйжасы**

| № | Суроолор | Жооптор | Кортунду |
|---|---|---|---|
| 1 | Баланы тарбиялоодо кандай педагогикалык эмгектерди колдоносуз | Гезиттер,журналдар, элдик педагогика | Ата-энелердин көпчү лүгү пед. эмгектерди пайдаланбайт |
| 2 | Баланын тарбиясында көркөм адабияттарды пайдаланасызбы? | Көбүнчө аңгемелер-ди окуйбуз,өздөрүнүн билгенин айттырабыз | Ата-энелер көркөм адабиятты колдонбойт |
| 3 | Адептүүлүк маданият дегенди кандай түшүнө-сүз? | Адепти сактоо менен чектелет | Адеп маданият башкы максат эмес |
| 4 | Балаңыздын адепке болгон кызыгуусун байкадыңызбы? | Кээде сурайт, биз түшүндүрө албасак, мугалимден сурайт деп ойлойбуз | Окуучунун тарбия-сын толугу менен мугалимге жүктөйт |
| 5 | Адеп-ахлакка кызыгуусу кандай? | Улууларды сыйлоо, дин ж.б. суроолорду көп береишет. | Буларды түшүндү-рүүдө адептүүлүк билим жетишпейт |
| 6 | Үй-бүлөдө бала тарбия-сына оозеки адабияттар-дын үлгүлөрүн пайлана-сызбы? | Жомоктор,табышмак-тар, жаңылмачтар, макал-лакаптар | Компьютер,телекө-рүү менен өткөрүшөт |
| 7 | Адепсиздик боюнча кан-дай тыюу сөздөрдү биле сиз, аны колдоносузбу? | «Жалган айтпа», «Сууну булгаба», «Каяша сүйлөбө» ж.б. тарбияда көп колдонобуз | Тыюу сөздөрдүн маанисин түшүнбө гөндөрдү да көрдүк. Бир-эки эле сөз билишет. |

Жогоруда көрсөтүлгөн анкеталык жооптор аркылуу ата-энелердин көп нерселерге көңүл бөлбөй турганын, педагогикалык эмгектерди тарбия ишинде колдонбогону, мектептеги баштапкы класстын окуучуларына адептүүлүк тарбия берүүнүн маанисин билбегенин байкадык. Мындан мектептеги мугалимдери ата-энелер менен жүргүзүлө турган иштерде адептүүлүк маселеси менен тааныштыруу керек экендиги билинди. Ата-энелер менен түрдүү семинар-кеңештерди өткөзүп, мектептеги ар түрдүү тарбия иштерине катыштыруу тууралуу кеңеш берилип, атайын программа түзүлдү (Тиркеме 2).

Ата-энелер үйдө адептүүлүк жөнүндө аз сөз кыларын билдик. Ата-энелер менен бир канча жолку аңгемелешүүдө алынган жооптор бири-биринен айырмаланбайт. Мектептеги башталгыч класстын окуучуларынын адептүүлүк билими, жүрүм-туруму боюнча ата-эненин тарбиясы зор болгону менен азыркы күндө бул маселеге көпчүлүк үй-бүлө көңүл бөлбөй турганы байкалды. Кээ бир ата-энелер балдарынын баштапкы адептүүлүк маданият негиздеринин калыптанышына, келечекте адеп менен таттуу мамиледе болушуна жардамдашканы да жакшы көрүнүш.

Ата-энелер менен болгон аңгемелешүүдө биз окуучулардын «улуттук оозеки чыгармаларга карата кызыгуусу артып жана алар тууралуу көп маалыматтарга ээ боло баштагандыгын», «ар бир өтүлгөн сааттан кийин элдик мурастар жөнүндө, алардагы бүгүнкү күн үчүн баалуу маалыматтардын макталгандыгын кызыгуу менен айтып берүүлөрүн» «адамгерчилик, адептүүлүк, адилеттүүлүк сапаттарды калыптандырууга багытталган макалдарды көп биле баштагандыгын», «мурдагыга караганда көп иштерге жоопкерчилик менен мамиле кыла баштагандыгын» ж.б. билдик.

Балдарды адептүүлүккө тарбиялоо ишине элдик маданий борборлордун уюштурган,

жакшы ойлонуштурулган иш-аракети да чоң таасирин тийгизет. Бул болсо балдарды адептүүлүккө тарбиялоо боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык-практикалык ишибиздин бышыктоочу этабы болду. Бул этапта мектептеги башталгыч класстардагы окуучулардын кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын негизинде сакталган тарбиялык үлгү идеялар менен адептүүлүккө тарбиялоо иши күнүмдүк турмушта, атайын ийримдерде, улуттук-маданий борборлордо, коомдук уюмдарда бекемделип жана толукталат. [1].

«Жаш келсе ишке, кары келсе ашка», «Жашында кылсаң мээнетти, карыганда көрөсүң дөөлөттү», «Кылганың бирөө үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн», «Карынын сөзүн капка сал», «Абийириңди жашыңдан сакта», «Адамча туулуп, айбанча жашаба», «Калыстыкты калк колдойт», «Бир жолу суу ичкен кудугуңа, миң жолу салам бер». [1].

Мындай макал лакаптар улуттук сыймыктануучулук сезимин ойготуп, алардагы эл-жерди сүйүү, анын кызыкчылыгын коргоо, адеп нормаларын сактоо, адамгерчиликтүү, чынчыл, ак ниет болууга жаш адамдарды тартып, алардын адептүүлүк сапаттарын түптөөгө өз таасирин түздөн-түз тийгизет.

Бала бакчада баланын адеп маданиятын калыптандыруунун мазмуну анын жетилүүсүнө, адептик нормаларды сактоо сыяктуу иш-аракетин ийгиликтүү ишке ашыра турган жеке инсандык сапаттарды: баштапкы адептүүлүк билими, адептүүлүк аң сезими, адепке жоопкерчилик мамиле кылуусуна багыт берерине ишендик.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдыкаимова У. Адептүүлүккө, маданияттуулукка тарбиялоодогу иш тажрыйбаларым // Эл агартуу. – Б., 1994. – № 5-6. – 70-75-бб.

2. Азбука нравственного воспитания: Пособие для учителя. – М.: Просвещение, 1979. – 318 с.

3. Бешимов Ж. Народные традиции в нравственном воспитании школьников старших классов: Дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01. – Казань, 1975. – 21 с.